PAPER DETAILS

TITLE: ???? ???????????? ???????? ???? ??????????? ???????? ??????????? -?????????? ?????????-

AUTHORS: Venera ANARBEKOVA ERKINBEKOVNA

PAGES: 187-195

ORIGINAL PDF URL: https://dergipark.org.tr/tr/download/article-file/490587

ULUSLARARASI TÜRK LEHÇE ARAŞTIRMALARI DERGİSİ (TÜRKLAD), 2. CİLT, 1. SAYI, 2018, 187 - 195. s., TÜRKİYE

# ТҮРК МАДАНИЯТЫНДА КОШОКТОР ЖАНА КОШОКТОРДУН КООМДОГУ ФУНКЦИЯЛАРЫ

## -Кыргызстан мисалында-

*Venera ANARBEKOVA ERKİNBEKOVNA*[*]

### Аннотация

Ар бир коомдо өлүм сыяктуу маанилүү коомдук окуялардын арасында ар кандай ырым-жырымдар бар. Түрк элдеринин мындай ырым-жырымдарынын сап башында “кошок, кошук” турат. Кошоктор өлүмгө карата сый жана урмат катары, каада-салт жана үрп-адаттарга ылайык муңдуу үн менен коштолот. VI-VII кылымдардан калган, мүрзөлөрдүн башына коюлган эстеликтердин, балбал таштардын бетиндеги жазууларды Орхон-Энесай жазуулары деп билебиз. Бул эстеликтердеги жазуулар маданиятыбыздагы кошок кошуу салтынын алгачкы конкреттүү мисалы болуп эсептелет. Азыркы күндө да эстеликтерге курман болгон адам тууралуу жазылган маалыматтар, ага арналган ырлар аталган салттык көрүнүш катары кабыл алынат. Бирок бул каада-салтты түрк маданияты жагынан алып караганда социалдык мааниси чоң. Себеби бул каада-салттар түрк коомчулугунун ынтымагын бекемдеген ырым-жырымдар болуп эсептелишет.

Аталган эмгегибизде түрк дүйнөсүндөгү “кошок, кошук” сөзүнө көз чаптырып, андан кийин кошокторго болгон көз-караш фольклордук жактан бааланып, кошокторду түзгөн мотивдерге токтолуп өттүк. Ошондой эле, кошоктордун түрк элдериндеги коомдук функциясы жөнүндө да сөз салдык. Андан кийин кыргыз түрктөрүнүн жаназалары, жаназалардагы аял жана эркектин орду менен каерде, кандай максатта, кандай түрдө жана ким тарабынан кошок кошулганын салыштырмалуу мисалдар менен ачып көрсөттүк.

**Түйүндүү сөздөр:** Кошок, Кыргыз, Түрк, Социалдык функция.

# TÜRK KÜLTÜRÜNDE AĞITLAR VE AĞITLARIN TOPLUMSAL İŞLEVLERİ

## -Kırgızistan Örneğinde-

### Özet

Her toplumda ölüm kadar önemli bir toplumsal olayın çeşitli ritüelleri vardır. Türkler için bu ritüellerin başında “ağıt, koşuk, koşok” gelmektedir. Ağıtlar, ölüme duyulan saygı ve hürmet, gelenek ve görenek içerisinde ezgili olarak terennüm edilir. VI.-VII. yüzyıllardan kalan mezarların başına dikilen taşların, balballarin üzerindeki yazılar Yenisey, Orhun yazıtları olarak bilinmektedir. Bu mezar taşları üzerindeki yazılar, kültürümüzdeki ağıt geleneğinin ilk somut yansımalarıdır. Günümüzde de mezar taşları üzerine ölen kişi ile ilgili olarak yazılan bilgilerin, ona ithaf edilen şiirlerin aynı geleneğin tezahürü olduğu kabul edilir. Ancak bu geleneğin Türk kültürü açısından sosyolojik önemi büyüktür. Çünkü bu gelenekler Türk toplumunun dayanışmasını sağlayan en önemli ritüellerdir.

Çalışmamızda ağıtın Türk dünyasındaki bilinen adı olan “koşuk, koşok” sözü üzerinde duruldu. Ardından halk bilimi açısından ağıtlara bakış açısı değerlendirilerek ve ağıtları oluşturan motifleri ortaya koyduk. Ayrıca ağıtların Türkler için toplumsal işlevinden de söz ettik. Daha sonra Kırgız Türklerinin cenaze törenleri, bu törenlerde erkek ve kadınların rolü ile

[*]Doç. Dr., Calal-Abad Devlet Üniversitesi, Calal-Abad / Kırgızistan, artur-argen@mail.ru

ORCİD ID: https://orcid.org/0000-0002-3739-8900

ağıtların törenlerin neresinde, ne amaçla, ne şekilde ve kim tarafından icra edildikleri karşılaştırmalı olarak örneklerle verilecektir.

**Anahtar Sözcükler:** Ağıt, Koşok, Kırgız, Türk, Sosyal İşlev.

## LAMENTATIONS IN THE TURKISH CULTURE AND THEIR FUNCTIONS IN SOCIETY

### - On the example of Kyrgyzstan -

### Abstract

In every society there are various important rituals of a social event as death. For the Turks, the beginning of these rituals is "lament, koşuk, koşok". Lamentation accompines with a sad voice according to respect the death, traditions, and customs. The stones built on the head of the tombs remaining from VI.-VII. centuries, the writings on the balbalar are known as Yenisey and Orhun inscriptions. The writings on these tombstones are the first concrete reflections of our tradition of lamentation. Today, it is accepted that the information written about the person who died on the tombstones is the manifestation of the same tradition of poems dedicated to him.

However, the sociological importance of this tradition is great in terms of Turkish culture. Because these traditions are the most important rituals that ensure the solidarity of Turkish society.

In our work we will focus on the etymology of the word "koşuk, koşok" in the Turkish world , then we gave an evaluation to the lamentations according to folklore and tried to reveal the motifs that form the lamentations. It will also be mentioned about the social function of the lamentations for the Turks. Then the funeral of Kyrgyz people, the place of man and woman in the funeral, the aim, how and by whom the lamentation was performed were depicted with comparative examples in this article.

**Key Words:** Lamentation, Kyrgyz, Turk, Social Function.

Кыргыздардын рухий турмушунда кошок айтуу башка элдик оозеки чыгармалар менен бирдей эле өз алдынча өнүгүп, эпикалык чыгармаларга чейин өсүп жеткен. Кошок жанры эл арасында айтылып, сакталып, ар кандай курактагы адамдар кайтыш болгондо, анын сөөгүн жерге коюу үрп-адаттары менен бирдикте ый менен жоктолгон жана кыз узатуу салтында да айтылып келген.

«Кошок» - оозеки чыгармачылыктын ичиндеги кеңири тараган жанр экенин белгилөө менен, жоктоо, кош айтышуу, керээз, арман-күйүт маанисинде айтылат. Ал өлүмгө байланышкан ырым-жырымдар, салт-санаалардын жана фольклордун жашашына түздөн түз аралашып, өзүнчө иштелип чыккан поэтикалык жанрдын негизги булагы болуп эсептелет. Мазмунунда адамдын ички кайгысы, жоктоосу, муңу-зары, мактоосу, каргышы, арманы, акыл-насаатын билдирген ыр түрмөгүнөн топтолгон. Ал эми аны жайылтуу, эл арасындагы сөзгө чечен, жамакчы акындар тарабынан аткарылган. Адамдар коомдук турмушта саясий-экономикалык, руханий деградацияга туш болгондо, ынандырарлык таяныч издейт. Андай таяныч реалдуулуктагы күчтүү бийлик, улуу идеялар, ага шыктандырган жетектөөчү инсан болуш керек. Ошолордун ичинен үлгүлүү болгон тарыхый инсандарга арналган кошоктордун эл арасына кенен жайылып өз ордун тапкандыгын белгилейбиз. Демек, кошокту жаратуучулар – эл, ошол элдин арасынан чыккан табигат тартуулаган ырчылар, айтуучулар кошоктун жаралышына, өнүгүшүнө, сакталышына, кийинки муундарга жетишине себепкер болгон. Мына ушундай учурда

бизде карапайым турмушту ашкере мактоо менен элдин тарыхый-социалдык, коомдук-маданий өсүп-өнүгүүсүндө көркөм тил негизги курал болот.

Кошокчулар өздөрүн курчаган турмуштагы бардык олуттуу окуяларды, көркөмдүк образдарды жаратып, поэтикалык жөндөмдүүлүгүнө жараша жеткиликтүү кылып, үн ыргагы менен, кээде, музыкалык аспаптардын коштоосунда угузушкан. Кошоктун бир өзгөчөлүгү - кошокчунун өлгөн кишиге жакын-алыстыгы, жэк-жааттыгы же жалдап айттыруусуна (атайын кошокчуга) байланыштуу маанилери өзгөрөт. Себеби, шарттуу түрдө, жакыны тарабынан кошок айтууда өтө күйгөнү, кайгы-зары, муңу күчөтүлөт. Алысыраак жэк-жааттары аркылуу айтылган кошоктордо эскерүү, жоктоолору, армандары берилет. Ал эми кошокчуну атайын жалдап айттырган учурларда өлгөн адамды жалпы жонунан мактап, актап, даңазалап айтышат.

Кошоктордун мазмунуна сереп салсак, анда инсандын жашоодогу белгилүү орду, кыймыл-аракети, адеп-ахлактык иштери, кылык-жоруктары, рухий баалуулуктары каралган.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кошок ырларынын барктуулугу, анын тарыхый-маданий, этнофилософиялык асылдыктарды өзүнө камтуу менен, ар түрдүү факторлордун (географиялык, этномаданий, социалдык, экономикалык ж. б.) таасири астында калыптанып, өнүгүп, фольклордук традициянын өзгөчөлүгү, элдик мурастар алкагында алган ордун мүнөздөйт. Ушул өңүттө кошоктордун системасын өздөштүрүү, андагы мазмуунду таануу, өздүк аң-сезимге, интеллектке айландыруу - атуулдук парзыбыз. Чындыгында эле кошок ырларында калкыбыздын, мамлекеттүүлүг\бүздүн, атуулдук, коомдук өнүгүүнүн татаал тарыхы айкын көрсөткөндөй, ата-бабаларыбыз байыртадан бери эле табияттын танып кеткис мыйзамы болгон, ажалдан качып кутулууга болбостугун түшүнүшкөн. Негизинен кошок ырларында инсандын социалдык абалы же айрым бир топтун (урук, уруу, дос) кызыкчылыктары же касташкандардын иш аракети, максаты эске алынып көпчүлүккө жарыяланган. Көчмөнчүлүк учурда маркумду эскерип, эң жакындары (маркумдун аялы, апасы же эже-карындаштарынан бирөөсү) жолмо-жол кошок кошуп жоктошкон. Азалуу көчтү ***«Каралуу көч»*** деп аташкан. Мындай көчтүн алдынан кыя өтүлбөгөн жана ал токтотулбаган, каршылаш душмандары да кол салбаган. Бул көрүнүш өлүмгө болгон сый-урмат катары бааланган. Көчтүн астында маркумдун минген атына кара жабууланган ээр-токуму менен кара жалпооч жабылып, ээр кашына камчысы, кылычы, жаасы илинип, найзанын учу жерге каратылып байланган. Кайгынын аты эсептелген «кара атты» маркумдун «Жан досу» же бир тууган иниси жетелеп, көч алдында жол баштаган. Көчтү көргөн кимде-ким болсо да жол бошотуп, четке чыгып, көчтү өткөзүшкөн. Жолдо болуп жаткан ар кандай шаан-шөкөттөр токтотулган. Колдон келишинче жардам берилип, көчтүн буйдалбастан өтүп кетүүсүнө көмөктөшкөн. Каралуу аял кара кийими менен ат үстүндө эки бөйрөгүн таянып кошок кошкон, анын атын жеңеси же абысындарынын бири жетелеп жүргөн. Негизги көч булардан кийинки катарда гана жолго чыккан.

Кайтыш болгон адамдын үйүндө күнүгө маркум жоктолуп, кошок кошулган. Сырттан келген адамдарды утурлап, аялдар үн созуп кошок кошуп, эркектер өкүрүп турушкан.

Азыркы күндө да маркум кайтыш болуп, сөөгү жаткан үйдүн ичинде (сөөккө тартылган көшөгөнүн сыртында) аялдар, биринчи кезекте, маркумдун жакындары катар отуруп кошок кошушат. Үйгө сырттан келген аялдар да кошок кошуп, ый ыйлап, тигилердин катарына отурушат. Үйдүн сыртында өлгөн пенденин эркек тууган туушкандары, жакындары ыраматылык жаткан жакты карап, тикесинен тик туруп ый чыгарып өкүрүп турушат. Маркумга акыркы «сыйын» көрсөтүүгө келген ар бир адам (аял да, эркек да) үн чыгарып өкүрүп ыйлап келишет. Үй ичинде жана сыртта турган

маркумдун жакындары да үн чыгарып өкүрүп тигилерди каршы алышат. Өкүрүктөр менен кошок кошуп, ый ыйлоолор куран окула башталгандан тартып токтотулат.

Ал эми кыз узатып, келин көчүрүүдөгү кошок кошуу узатылып жаткандын бардык жакшы жактары: сулуу өң-чырайы, келбеттүү сымбаты, жумшак мамилеси, ата-теги, бакыбат турмуш шарты менен бирге эч нерсени ойлобогон ойнок кези, балалык учурдун бүткөндүгүн эскертет. Эми үй турмуштун башка түшүп тургандыгы, эркеликтин өткөндүгү, «кыз балага кырк үйдөн тыюу» боло тургандыгы айтылып, шайкелеңдиктен оор-басырыктуу, сабырдуу болууга үндөп, барган жеринде бактылуу болууну айтып, кайын журтун сыйлоону, ыйбаа кылууну эскертип, кыздын энеси, эжеси, жеңелери өз алдыларынча кошок кошуп узатышкан. Кызды узатып барууга жеңелери, курбу курдаштары да кошо жөнөшкөн. Келинди көчүргөндө жасалгаланган кийим кийгизилип, аздектелип токулгаланган жорго атка мингизилип, аны жакын жеңелеринин бири жетелеп, курбу-курдаш кыз-келиндер, коёшу айылда оюн-күлкү, ыр-күү, шаан-шөкөт менен коштоп жүрүшкөн. Алар менен ыр ырдашып, ат чабышып, оюн-тамаша куруп, күйөө бала жана анын жоро-жолдоштору болушкан. Азыркы учурда келин көчүрүү салты мезгил талабына жараша башка багытка өзгөргөн.

Кошок ырларынын пайда болуу тарыхы, генеалогиялык өңүтү жана алардын эпикалык чыгармаларда чагылдырылышы, айрым варианттарынын эл арасында бүгүнкү күндө пайдаланылышы тарыхый маалыматтарга таяна салыштырылды.

Кыргыз элинин тарыхында кошок ырларынын тарыхый - этнографиялык булак катары мааниси жөнүндө сөз болот. Мында адабияттарда берилген кошок ырларына жана азыркы учурдагы тандалып алынган обьектилерден мыкты кошокчулардан жазылып алынгандарына салыштырмалуу анализдер жүргүзүлдү. Өткөн замандардагы кошок ырларында атайын бир тарыхый доорлор, андагы инсандар, генеалогиялык, топонимикалык аталыштар берилген. Байкообузда, кыргыз элинин көөнө маданиятынын башатын түзгөн, мындай теңдеши жок байлыгынын азыркыга дейре унутулбай сакталып келе жаткан кошок ырларынын бирден бир себебин кылымдар бою кайталанган жашоосунун феноменинде деп билебиз. Негизинен, жашоо өзүнүн нугу менен кылдырана берет, ал эми өлүм - орду толгус кайгы-муң болгондуктан, адам баласы сөздүн коштоосу менен обондуу жамак-ыр түрүндө ички психологиялык өксүүсүн канааттандырган. Кыргыз элинин тарыхындагы этникалык компоненттерди, социалдык жана экономикалык структураны эске алып, кошокчулардын варианттарындагы диалектикалык өзгөчөлүктөрүн да терең изилдеп, бүтүндөй бир кърккм көрүнүшүн түзүүгө аракеттендик. Анткени, кошокторду изилдөө ыкмаларында өтө аз изилденген райондордон (Жалал-Абад областынан) адабияттарда аз берилген кошок ырлары берилди.

Кошок ырлары боюнча олуттуу иштер колго алынгандыгы белгилүү. Бул маселе кыргыз фольклорунун тарыхында XIX к. башталган. Алгач ал башка жанрлардын катарында К.Мифтаков, К.Рахматуллин, М.Богданова, А.Тайгүрөңов, З.Бектенов, Т.Байжиев, Ж.Таштемиров, С.Мусаев, С.Закиров, К.Артыкбаев, А.Акматалиев, С.Эгембердиева, А.Токомбаева сыяктуу фольклорчулар тарабынан изилденген. Кошок ырларына байкоо салганда төмөнкүдөй тематикадагы кошокторду көрүүгө болот: жаш балдарга, аялдарга, эркектерге арналган кошок ырлары. Алар жаш курак өзөчөлүктөрүнө карап дагы өзүнчө бөлүнүп кетет. Мисалы, мазмунуна карай, «жаш балага», «келинге», «жеңеге», «аялга», «улгайган аялга» өзүнчө, ал эми эркек адамдарга да дал ушундай эле - «балага», «атага», «аксакалга» деп айтылат. Ал эми илимий адабияттарда төмөнкүдөй берилет; «Атасы өлгөн кыздын кошогу», «Энеси өлгөн кыздын кошогу», «Ата-энеси өлгөн кыздын кошогу», «Иниси өлгөн аялдын кошогу», «Кайниси өлгөн жеңенин кошогу», «Баласы өлгөн эненин кошогу», «Эжеси өлгөн кыздын кошогу», «Эри өлгөн аялдын кошогу», «Киши колдуу болуп өлгөнгө кошулган кошок» ж. б. (Акматалиев-

Егембердиева, 1998). Жогорудагылардын дээрлик көпчүлүгү аялдар тарабынан аткарылат.

Кошок жанрынын дагы бир өзгөчөлүгү жалаң гана реалдуулукту чагылдырбастан, акыретте дагы жашоо бар экендигин элестетүү менен диндик жоболор көбүрөөк чагылдырылганын байкадык. Жаңыча ой жүгүртүү, көркөм кыялдануу сапаттарынын пайда болуусу менен турмуштук шартка жараша аткарылышы мурунку кошок ырларында мезгили, жери, уруусу, социалдык абалы чагылдырылса, азыркы учурда алар колдонулбайт. Изилденип жаткан өрөөндөрдөн жыйналган кошоктордун тексттеринде (диндик ишенимдерде маркумдун кайра тирилип наркы дүйнөдө экинчи өмүр сүрүүлөрү) биздин эле диндик түшүнүктөгү бүтүмдөр элестетилет. Мисалы,

Балтырканы бүрдөгөн,
Энемди, Батмалары жүр деген.
Балтыркан бойлуу карагат,
Асыл бир жаның өткөн соң,
Энеке, Батмалар менен кошо жат.

Бүлдүркъну бүрдөгөн,
Бубүлөрү жүр деген.
Бүлдүркөн менен кожогат,
Асыл бир жаның өтүптүр (Хасанова, 2003)

- деп айтылса, дагы биринде:

Минген атың сарала,
Урматым, бейиштин ичи кызыл гүл.
Беш колуң тийбей ачылсын,
Бет алдыңа чачылсын
Жети бир катар гүл бейиш,
Жемишиң болсун гүл мейиз,
Жети жашар баладай.

Айлансам энем дилгирим,
Жеңил да болсун күнөөңүз.
Жашылдан болсун көшөгөң,
Айлансам энем кеңешим.
Жанатта болсун төшөгүң (Алдосова, 2009)

Белгилей кетсек, б. з. VI-VII кылымдарына таандык болгон байыркы түрктөрдүн мүрзөлөрүнүн башына коюлган таш эстеликтердин сыйдамдалган беттерине жазылган эскерүүлөрү Орхон-Энесай тексттери деп аталган. Андагы жазуулар кошок жанрынын алгачкы башаты экендиги маалым. Эне-Сай жазма эстеликтеринин өзгөчөлүгү мына ошол кошокторунда. Эстеликтердеги маалыматтар өлүм проблемасынын тегерегинде болуп кишинин өмүрү «өлүмдүн» кесилишинде каралып жатат. Мисалы, Ынанчы – Ча көлүндөгү № 10-эстелик, (Уграчка арналган, Эне-Сай).

Ак өргөдөгү канышам, кыз-уулум,
Бегиме, курдашыма бөкмөдүм.

Кырк үч жашымда бөлүндүм.
Ынан Уграч мен (Жумагулов, 1982: 63)

Бул келтирилген кошоктордун кичинекей көрүнүштөрүндө (фрагмент) жогорудагы көрсөткөндөй инсанды жоктоп жатат. Азыркы учурда да ошол көрүнүштү кайталап, бейит үстүнө коюлган таш эстеликтеринде инсандын өмүр баяны же ага арналган чакан ыр саптарынын жазылганын жолуктура алдык. Мындан улам Орхон-Энесай жазууларындагы кошок ырлары, эпикалык чыгармалар жана бүгүнкү күндөгү эл арасындагы кошок ырларынын мааниси, мазмуну менен үндөшөт.

Салыштыруу менен карасак:
Аксы бир шаарың борборуң,
Кеңеш бир атка конгонуң.

Айдың көл өзү толбойт ко.
Алтымыш дүйнө бир келсе.
Артындагы өзүңдөй болбойт ко,

Ар түркүн шаар ичинен,

Кулунум Бишкек бир болгон борборум.

Он бешиңде октолдуң, 35ке чыкканда,

Сен ок жыландай толгондуң.

40 жашка чыкканда,

Алладан буйрук келди эле.

Сенин атың жок болду.

Алты арыктан суу келсе,

Жети арыктан суу келсе.

Жеткилең көл толбойт ко,

Жетимиш дүйнө бир келсе кулунум.

Бир өзүңдөй болбойт ко.

Бозоруп келген жаанга.

Боз чатыр тикпей нес болдум,

Тооруп да келген ажалга,

Мен айла таппай нес болдум (Нарбаева, 2003)

Жыйынтыгында, жалпы эле кошок ырларынын тарыхый, этникалык-генеалогиялык булактарда изилдениши адабияттарда кандайча изилденген, ал эми бүгүнкү журт арасында кандай мааниде сакталып калгандыгы тууралуу мисалдар менен сүрөттөлдү.

Кошок ырынын жаралуу доору эпикалык чыгармаларда берилиши, таш бетине түшүрүлгөн жазма эстеликтеринде элдик баатырлардын образдары аркылуу чагылдырылган. Тарыхый инсандарга арналган тексттердин айрымдары дагы деле эл арасында айтылып келет. Кошоктун статусунун улам барган сайын төмөндөп бара жатышы, салттык маданияттын унутулуп бара жатышы жөнүндө кеңири баяндалды. Эл оозунан жыйналган материалдар, эпикалык чыгармалар жана Орхон-Энесай эстеликтериндеги жазуулардын тексттери менен салыштырылып информаторлордун айтуулары аркылуу тастыкталды.

Кошок кошуу салты бир гана аялдарга тиешелүү эмес экендиги далилденген. Кээ бир аймактарда (көбүнчө тоолуу райондордо) эркектердин катар туруп, үйдүн жанында кадимкидей кошок кошуп тургандыгын да жолуктурууга болот. Маркумду узатаарда бардык аймактарда салттар бирдей эмес. Мисалы, Жалал-Абад областынын кээ бир аймактарында боз үй тигилбейт да, үйдүн ичинде аялдар, эшикте эркектер жоктоп ыйлап турушат.

Көпчүлүк аймактарда боз үй тигилип, аялдар боз үйдүн ичинде, маркум жакты же төр жакты карап эркектер сырттан келген адамдарды карап эмес, боз үйдү, маркумду карап ыйлашат. Өлгөн пенде, эгерде аял болсо сол (эпчи жак), эркек болсо - оң жакка (эр жак) башы кыбыланы карай жаткырылат; сырттан келген адамдарга аркасын салышып (аза күтүү) кошок кошулат. Мындай жосун дайыма эле сактала бербейт. Мисалы, түндүк Кыргызстандын айрым жерлеринде каза болгон адамга тетири карап, сырттан келген адамды карап ыйлашып, кошок кошулат.

Эгерде өлүк үстүндө аялдар кошок кошпой калса, эркектер өкүрүшпөсө «өлүк шааниси болбой калды» деп, туугандарынын, келген коноктордун нааразычылыгы болгон учурлары да кездешет.

Деги, инсан кайтыш болгон үйдөн чуу чыгаруу - ошол үйдө бир жамандыктын болгондугун колу-коңшуларга, жамааттагы жакындарына билдирип коюунун шарттуу көрүнүшү болуп эсептелинет. Ушундан кийин гана түйшүктүү камылгалар көрүлө башталат. Жарык дүйнө менен кош айтышкан инсанды акыркы сапарга узатуу - кыйышпас адамдарынын маркумга көрсөткөн акыркы сый урматы болуп эсептелинет. Ушул аракет менен жакындарынын, деги эле тирүүчүлүктүн аны менен акыркы жолу коштошуп жатышып, ал инсандын бул жашоодогу ээлеген ордун, анын ким экендигин тирүүлөргө да жарыя кылуу деп да түшүнүүгө болот. Ушул биринчи “чуу” чыгаруу

менен бирге, андан кийин да маркумдун "орду толгустугу" жакындарынын, эскерип ыйлаган ыйларынан, сырттан өкүрүп келген адамдардын кайра-кайра кайталанылган үн ыргактарынан айлана-чөйрө да, аба да ыйга толуп кетет. Ушул көрүнүш "Манас" эпосунда мындайча сүрөттөлөт:

Кайың менен тал ыйлап,
Жараткандын баары ыйлап.
Жашыбаган таш жашып,
Ай-ааламды кайгы басып.
Тунжураган түн болуп,
Төбөң түшкөн дүнүйө ай.
Жоктоп турду баатырды (Манас, 1959: 304).

Ушинтип адамды барктап, ар убакта кадырына жетүү, адамгерчиликтин эң жогорку сапаты экендигин дайыма эстеп жүрүү да, бул - адамдын парызы болуп калуу керек. Маселени ушул өңүттөн алганыбызда, коюлган теманын актуалдуулугу, баалуулугу гана артат.

Кошок - оозеки чыгармачылыктын ичинде эң байыркы жанр экени белгилүү. Ошону менен бирге улуу эпосубуз "Манас" да кошок кошуудан чыккан деп айтылат. «Семетей" эпосундагы «Каныкейдин кошогу» деп аталган бөлүктө Манасты жоктоо менен бирге элдин өткөн турмушу, эрдиктери, эми алардын кайталангыстыгы айтылат. Жайсаң, Токтогул сыяктуу ырчылардын кошогунан, ал эркектерге да тиешелүү жаралгандай туюлат. «Карагул ботом» өңдүү элдик поэмалар бүтүндөй кошоктон турары анык. Ал эми Орхон-Энесай жазмаларынын дээрлик баары, З.Бектенов менен Т.Байжиевдер белгилегендей, керээз түрүндө айтылган кошок сөздөрдөн турат.

Кыргыз эли каймана мааниде сүйлөөгө өзгөчө маани берген. Жашоонун бул көрүнүшүн кайра кабыл алышка багыттап сөздү алыстан баштап, бир нерсенин четин чыгарып, угуучуну психикалык жактан даярдап, андан соң гана ток этер сөзгө өтөт. Бул айтылуу Кет Бука ырчынын Чыңгыз ханга уулу Жуучунун өлүмүн угузганы – мыкты үлгү, таамай мисал боло алат.

Туу куйругу бир кучак,
Тулпар качты, Айганым.
Туурунан бошонуп,
Шумкар качты, Айганым.
Алтын така, күмүш мык,
Дулдул качты, Айганым.
Алтын ордо башынан,
Булбул качты, Айганым.
Агын дайра соолуп,
Көл бөксөрдү, Айганым.
Терек түптөн жыгылып,
Жер боксөрдү, Айганым.
Ала-Тоо кулап, бас болуп,
Бел бөксөрдү, Айганым.
Берекелүү нур качып,
Эл бөксөрдү, Айганым (Акматалиев-Егембердиева, 1998: 20).

Хандын каарынан коркуп, угуза албай күү менен баштап келип, хандын «тил кесмей» каарынан кутулган ырчы сөздүн күчү менен өзүн да, элин да сактайт. Мында угузуучунун кыраакылыгын белгилеп койсо болот. Күү, каймана сөз аркылуу чындыкты кабылдап, табышмак суроолорго табышмак жооп айтылат. Кыргыз элинин байыртадан бери сөзгө маани бергендиги байкалып, азыркы учурда да эл арасында мындай маанидеги кошоктор сакталып калган:

Өлүмдүн жоктур каралы,
Пайгамбар кудай досу экен.
Оо дүйнө кетер кезинде,
Кара жердин түбүнө,
Бара албайбыз жол салып.
Кара жердин түбүнөн,

Адамзат пендеси,
Жардамсыз калган өзү экен.
Бозоргон тоонун бооруна,
Бара албайбыз жол салып.
Боз топурак арасынан,
Ала албайбыз кол салып.
Кара жердин түбүнө,
Бара албайбыз жол салып.
Боз топурак арасынан,
Ала албайбыз кол салып.
Өлгөндөрдү ала албайбыз кол салып.
Ак кептер учат кыр менен,
Ак мечит бүтөт сыр менен.
Өлгөндөрдүн арманын,
Биз кургур, айтабыз ээ, муң менен.
Көк кептер учат кыр менен,
Көк мечит бүтөт сыр менен.
өлгөндөрдун арманын,
Биз кургур, айтабыз ээ, ый менен (Нарбаева, 2003).

Бул сап, кошоктун өлүмдү угузуу түрүнө кирет. Мында өлүмдү сөз менен сыпаттап айтууда. Ошондой эле текстте берилгендей өлгөндөн сон, аны тирилтүүнүн айласы жок экендигин, көмүлгөндөн кийин кайра жер астынан ала албастыгын ачык айкын сүрөттөёдө.

Кошоктор коңшу элдерде – тажик, түркмөн, өзбек, казактарда да кездешет. Кыргыз элинде кошок ырлары Октябрь революциясына чейин кеңири таралган. Казактын улуу окумуштуусу Ч.Ч.Валихановдун «Кыргыз эли түгөнгүс кенч, алардын кайталангыс салттары, башка элдердикинен бир топ айырмаланып турат», - деп эң жогору баалаган. Бир эле мисал, маркумдун арбагын сыйлап, ырым-жырымдарды, эскерүү кечелерди өткөрүп, куран түшүрүп турат .

Изилденип жазылып келген кошоктордун көпчүлүк бөлүгү эл арасында белгилүү адамдарга, акындарга, ырчыларга, баатырларга арналган. Кошок жанрынын негизги бир өзгөчөлүгү – жалгаң дүйнөнүн терен тамырын чагылдыргандыгында.

Демек, көчмөн турмушта жашаган кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгы эл ичинде ушул кезге чейин сакталгандыгы бул кошок жанрынын өзгөчөлүгүн жана аларга этияттык, сарамжалдуулук менен мамиле кылгандыгын айгинелейт. Мунун ачык мисалы болуп биз топтогон тарыхый - этнографиялык материалдардан байкоого болот. Элдик оозеки чыгармачылыкты, элдин тарыхын, маданиятын улуу булагы, көнөрбөс эстелиги катары баалап сактап калышыбыз керек. Кыргыздардын оозеки чыгармачылыгында кошок жанры кеңири орунду ээлейт, алардын айрымдары байыркы мезгилдерде пайда болгондугу шексиз экендигин элдик адабияттардан жыйналган материалдардын негизинде билүүгө болот. Кошок жөнөкөй ыр түрүндө келтирилип дастан, эпикалык чыгармаларга чейин өсүп жеткен. Кыргыз фольклорунда кошок ырлары генеалогиялык мүнөздөгү уламыштардан башка да байыркы мезгилдерде пайда болгон эпикалык чыгармаларда белгиленгендигин байкадык. Кошок жанрынын бул көрүнүшү кыргыз маданиятынын калыптануу жана өнүгүү тарыхын изилдеп үйрөнүүдө кызыктуу келечекти ачып берет. Негизинен кыргыз фольклорунун бул жанры инсандын идеалдуу образын чагылдырат. Ошондой болсо да, анда кыргыз тарыхынын кээ бир конкреттүү окуялары камтылган деп айтууга болот. Бул өзгөчөлүктү кошокчулардын жардамы менен үйрөнө алабыз.

**Адабияттар**

АКМАТАЛИЕВ, А. – ЕГЕМБЕРДИЕВА, С. (1998). *Кошоктор*. “Эл адабияты” сериясы. 21 том. Б.

ЖУМАГУЛОВ, Ч. (1982). *Орхон-Енисей текстери*. Илим, Ф.

*Манас Эпос.* (1959) 1-часть. 2-книга. Ф.

АЛДОСОВА, П. (2009). *Сузак району, Жалал-Абад областы* (Автордун талаа материалдары).

НАРБАЕВА, С. (2003). *Аксы району, Жалал-Абад областы* (Автордун талаа материалдары).

ӨЗЕРЕН, М. (2018). Кыргыз Түркчесинде Ментал Фииллер, А. Ү. Түркият Араштырмалары Энститүсү Дергиси [ТАЕД] 61, Эрзурум 2018. с. 203-224.

ӨЗЕРЕН, М. (2016). “Кыргыз Түркчеси Агызларында Хал Эклеринин Кулланымы”, А. Ү. Түркият Араштырмалары Энститүсү Дергиси [ТАЕД] 56, Эрзурум 2016. с. 739-766.

ӨЗЕРЕН, М. (2016). “Кутадгу Билиг'деки Сөз Варлыгынын Кыргыз Түркчеси Агызлары Иле Каршылаштырылмасы Үзерине Бир Дегерлендирме”, Жусуп Баласагындын Куттуу Билими – X – ХЫ Кылымдардагы Борбордук Азиядагы Мусулмандык Кайра Жаралуунун Күзгүсү, Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгына арналган жыйнак, Бишкек 2016, с. 185 – 192.

ӨЗЕРЕН, М. (2015). “Кыргыз Түркчеси Иле Түркийе Түркчеси Агызларындаки Сөз Варлыгы Бензерлиги Үзерине Бир Дегерлендирме”, Улусларарасы Түркче Эдебият Күлтүр Эгитим Дергиси (ТЕКЕ), Сайы 4 / 1 2015. с. 138-168.

ХАСАНОВА, А. (2003). *Аксы району, Жалал-Абад областы* (Автордун талаа материалдары).